ЖАЛАЛ АБАД ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН
Окумуштуулар кеңешинин жыйынынын
№04/25 протоколу

2025-ж. 3-декабры Манас ш.

Окумуштуулар кеңешинин курамы:
Баары: 13
Катышкандар: 10
Катышпагандар: 3 (себептүү)

Окумуштуулар кеңешинин жыйыны башталардан мурун Кыргыз Республикасынын гимни жаңырды.

ЖАЭУнун ректору, Окумуштуулар кеңешинин төрагасы ф-м.и.к., доцент М.Р.Нарбаев Окумуштуулар кеңешинин жыйынында каралуучу күн тартибиндеги маселелер менен тааныштырды.

КҮН ТАРТИБИ:

№	Каралуучу маселелер	Жооптуулар	Регламент	Тиешелүү материалдар
1	Илимий жана тарбиялык иштердин абалы, алдыда аткарылуучу иштер жөнүндө	Асилова З.А. - Илим, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректор	**10 мин**	Маалымат, токтом долбоору
2	2025-2026 окуу жылы үчүн жайкы кабыл алуунун жыйынтыгы жана кышкы кабыл алууга карата даярдыктар жөнүндө	Садырова Н.А. - Кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы	**10 мин**	Баяндама, токтом долбоору
3	Ар түрдүү маселелер			
3.1	Окумуштуулар кеңешинин курамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө	Нарбаев М.Р. - Ректор	**5 мин**	Билдирүү, токтом долбоору
3.2.	“Мейкиндиктердеги жана группалардагы бир калыптуу структуралар” аталышындагы монографияны кароо жана басмага сунуштоо жөнүндө	Илим, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректор	5 мин	Маалымат, токтом долбоору

Күн тартиби боюнча сунуштар болгон жок. Күн тартибинде каралуучу маселелерди бекитүү добушка коюлду. Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен күн тартиби бир добуштан бекитилди.

Каралып жаткан маселелер боюнча маалымат берүү 5 мүнөттөн 10 мүнөткө чейин болсун деген регламент сунушталды. Регламентти бекитүү добушка коюлду. Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен регламент бир добуштан бекитилди.

ЖАЭУнун ректору, ф.-м.и.к., доцент, Окумуштуулар кеңешинин төрагасы М.Р.Нарбаев сөз сүйлөдү: – “Саламатсыздарбы урматтуу кесиптештер! Алгач, ар түрдүү маселерде бар, Окумуштуулар кеңешинин курамын кайра бекитүү маселесин карайлы.

3.1. маселе боюнча университеттин Президети болуп э.и.д., профессор Арынбаев Жаныбай Токоевич дайындалгандыгына байланыштуу Президентти окумуштуу кеңешинин курамына кошууну сунуштайм. Ал эми окумуштуулар кеңешинин курамындагы м.и.к. Жээналиева Гульнара Маратовна ден соолугуна байланыштуу окумуштуулар кеңешини курамынан чыгарылсын.

Токтом долбоору:

1. Окумуштуулар кеңешинин курамындагы м.и.к. Жээналиева Гульнара Маратовна окумуштуулар кеңешини курамынан чыгарылсын.
2. Университеттин Президенти э.и.д., профессор Жаныбай Токоевич Арынбаев окумуштуулар кеңешинин курамына кошулсун.

Жалпысынан окумуштуулар кеңешинин курамы 13 кишиден турду.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

1-маселе боюнча илим, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректор З.А.Асилова сөз сүйлөдү: – “Саламатсыздарбы урматтуу Окумуштуулар кеңешинин төрагасы жана мүчөлөрү! Бүгүнкү күнгө чейин илим жана социалдык иштер боюнча аткарылган иштер менен тааныштырууга уруксат бериңиздер

Сентябрь айында бекитилген иш пландын негизинде илимий иштер боюнча аткарылган жумуштар:

№	Ишмердүүлүктүн түрү	Аткаруу мөөнөтү	Документтер	Аркаруу боюнча белги
1	2025-2026 окуу жылына карата илимий ишмердүүлүк боюнча иш план түзүү	Сентябрь	План	Аткарылды
2	Илим күнүн өткөрүү. 10.11.2025.	Ноябрь	"Студенттик конференция өткөрүү”	Аткарылды
3	Университеттин кафедраларында илимий иштерин координациялоо	Жыл ичинде	Отчет, аналитикалык справкалар	Аткарылды
4	“Илимий макала жазуу” аталышында жаны келген окутуучуларга семинар өткөрүү	Декабрь	Семинар	Аткарылды
5	“Жасалма интеллекттин макала жазууда пайдалануу” аталышындагы семинар	Декабрь	Семинар	Аткарылды

Мындан сырткары аткарылган иштьерге токтолсом:

1. Жаш окутуучулардын кеңеши түзүлдү, буйруктун негизинде 12 мүчөсү катталды. Жеткечиси Арзыкулова Айнагул. Координатор Асилова З.А.

Семинар өткөрүлүп, жобо менен тааныштырылып, келечектеги пландар талкууланды.

2. Студенттердин «EJSMR - Изилдөөчүлөр клубу» аталышында студенттердин арасында илимий иштерди жүргүзүүчү клуб уюштурулду. Жетекчиси Дивани Кумар.

Координарор Дипак Чаулагаин.

3. 2025-жылдын 18 октябрында координатор тарабынан Илимий макала жазуу боюнча студенттерге жана окутуучуларга семинар өткөрүлдү.

Мыкты видеоролик конкурсу жарыяланып 10-ноябрь күнү жыйынтыкталды
Жеңүүчүлөршө акчалай сыйлыктар тапшырылды
1-орунга 15000 сом
2-орунга 10000 сом
3-орунга 5000 сом

4. Илимий конференциялар боюнча:

А) 2025-жылдын 15-16 октябрь күндөрү Илим, мамлекеттик тил жана срциалдык иштер боюнча проректор Асилова З.А. Алматы шаарындагы ALT университетинде өткөн «Геомеханика жана жол куруудагы актуалдуу проблемалар» аталышындагы эл аралык конференцияга катышып доклад окуп келди.

Б) 2025-жылдын 17-18 октябрь күндөрү Садырова Н.А Бухара мамлекеттик медициналык институтунда өткөн «Жаш бала жана коом: ден соолук көйгөйлөрү, өнүгүү жана тамактануу» аталышындагы эл аралык конгреске катышыа баяндама жасап келди.

В) 18-19-ноябрь күндөрү университеттин президенти, ректору жана эл аралык байланыштар жана инвестициялар боюнча проректор “Central Asian Medical University” тарабынан уюштурулган «Медицинадагы реформалар – адам урматы үчүн» деген эл аралык илимий-практикалык конференциясына катышты.

5. Жарыяланган конкурстар боюнча:

Стартап-сынак «StartUp – 2025»
Жарыяланган . Конукурстук материалдар 1-6 декабрга чейин кабыл алынат.
Негизги багыттар:

Ден-соолук жана "жашыл" экономика
Медицинадагы санарип технологиялар
Биотехнологиялар жана айлана чөйрөнү коргоо
Интеллектуалдык өндүрүштөр
Жаңы материалдар жана химиялык технологиялар
Окуу жайдын предметтери боюнча методикалык көрсөтмөлөрдү иштеп чыгуу

6. Университеттин Илимий жана мультидисциплинардык изилдөөлөрдүн евразиялык журналынын №2 саны жарыкка чыкты.

28 макала камтылды
Журнал авторлорго таратылууда

2025-жылдын 14 - ноябрында Жалал-Абад эл аралык университетинин Eurasian Journal of Scientific and Multidisciplinary Research (EJSMR) журналы менен Eurac Research (Больцано, Италия) илимий басылмасынын ортосунда кызматташтык жөнүндө Меморандум түзүлдү. Ошондай эле профессор Тоо медицинасы боюнча окутуучуларга семинар өттү.

Социалдык иштер боюнча:

Пландалган иш-чаралардын аткарылышы:

№	Иш-чаралардын мазмуну	Өткөрүү мөөнөттөрү	Жооптуулар	Аткаруу боюнча белги

1.	**1-курстун студенттери үчүн ЖАЭУнун ички эрежелери боюнча чогулуштарды**	Студенттердин келишине жараша	Декан, окуу тайпаларынын кураторлору	Аткарылды
2.	**23-сентябрь – Мамлекеттик (кыргыз) тил күнүн** белгилөө.	2025-ж. 23.09.	Гуманитардык жана табыгый дисциплиналар кафедрасы,	Аткарылды
3.	ЖАЭУнун студенттери арасында студенттик **өзүн-өзү башкаруу уюмдарын түзүү** боюнча жалпы чогулушту өткөрүү.	2025-ж. сентябрь айынын 3-декадасы	Декан, Жаштар иштери боюнча комитеттин төрагасы.	Аткарылды
4.	1-октябрь Карылар күнүнө карата иш чара	2025-ж. 01-10	Гуманитардык жана табыгый дисциплиналар кафедрасы	Аткарылган жок
5.	1 ноябрь – Дивали (Лакшми Пуджа) (Diwali / Lakshmi Puja)	2025-ж. 01-11	Клиникалык жана морфологиялык дисциплтналар кафедралары	Аткарылды
6.	Кезектеги спорттук мелдештерге даярдыкты камсыздоо, окуу жайдын курама командаларына спортсмендерди тандоо максатында **спорт түрлөрү боюнча күзгү мелдештерди** өткөрүү.	2025-ж. ноябрь айынын 3-декадасы	Гуманитардык жана табыгый дисциплиналар кафедрасы	Аткарылды
7.	**КР билим берүү кызматкерлерин н күнүн** белгилөө.	2025-ж. 05.10.	Административдик чарба иштери боюнча проректор, адам ресурстарын башкаруу бөлүмү, деканат, кафедралар.	Аткарылды
8.	**12 октябр – Дуссехра / Вижаядашами (Dussehra / Vijayadashami) майрамдоо**	2025-ж. 12.10.	Жаштар иштери боюнча комитет.	Аткарылды
9.	1-курстарга **“Студент” наамын ыйгаруу** салтанатын өткөрүү. **17-ноябрь – Студенттердин эл аралык күнүн** белгилөө	2025-ж. ноябрь айынын 1-декадасы	Проректорлор, кафедралардын башчылары, Жаштар иштери боюнча комитет.	Аткарылды
10.	**1-декабрь –СПИД менен күрөшүүнүн бүткүл дүйнөлүк күнүнө** карата иш чара уюштуруу.	2025-ж. 1.12.	Деканат, медициналык түйүн. Клиникалык дисциплиналар кафедрасы	Аткарылды

Келечектерги иштер тууралуу:

- ✓ План боюнча иштерди алып баруу
- ✓ Даталуу күндөрдү белгилөө

- ✓ Илимий практикалык конференция жана олимпиада өткөрүү. Март айында бутукул дуйнөлүк иммунология күнүнө карата Эл аралык конференция пландаштырылууда.
- ✓ Студенттерди жана окутучуларды конференцияларга катыштыруу
- ✓ Кабыл алуу комиссиясынын ишине көмөк көрсөтүү

Сөзгө чыккандар:

Окуу-маалыматтык бөлүмүнүн башчысы Д.Э.Канетова: Чындыгында жыл башынан баштап абдан көп ич чара өткөрулдү. Ар бир иш чара жогорку денгээлде өтүп жатканына баарыбыз күбө болдук. Илим, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректор З.А.Асилованын бүгункү күнгө чейин аткарган иштерин каанаттандырарлык деп эсептейм.

Токтом долбоору

Илим мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректор Зульфия Атамырзаевна Асилованын маалыматы эске алынсын жана алдыда пландалган иштер өз убагында аткарылсын.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

2-маселе боюнча окуу иштери боюнча проректор, м.и.к. Н.А.Садырова сүйлөдү:

- “Саламатсыздар, урматтуу кесиптештер 2025-2026 окуу жылы үчүн жайкы кабыл алуунун жыйынтыгы менен таанышторууга уруксат бериңиздер”.

Кабыл алуу комиссиясынын курамы 2025-жылдын 30-май. № 73 ректордун буйругу менен бекитилген

Кабыл алуу комиссиясынын төрагасы:

Нарбаев М.Р.

Кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы:

Садырова Н.А.

Техникалык катчылар:

Шерипбаева А.А.

Чойбекова Н.М.

Курбанова Н.А.

№	Багыт	код	План	Факт	I тур	II тур	III тур	IV тур
1.	Дарылоо иши 5 лет	560001	1000	846(40з)	244/56	184	351	67
2.	Дарылоо иши 6 лет	560001	50	6	1+2	1	1+1	
3.	Экономика	710100	25	-				
4.	Менеджмент	580200	25	-				
5.	ИЭТ	581100	25	4	2	2		
	Жыйынтык:		1125	856				

Абитуриенттердин келген мамлекеттерине карата тизмеси

№	Өлкө	Саны	%
1	Индия	846	98,9%
2	Россия	3	0,3%

3	Узбекистан	1	0,1%
4	Кыргызстан	6	0,7%
	Жыйынтык:	856	100 %

2025–2026-окуу жылына карата кышкы кабыл алууга «Дарылоо иши» (5 жыл) программасына чет өлкөлүк абитуриенттерге 250 студент орун каралган.

Кирүү тесттерин өткөрүү үчүн колдонулуучу электрондук тест системасы түзүлгөн.

Социалдык тармактарда (Instagram, Facebook ж.б.) кышкы кабыл алуу боюнча кыска роликтер, баннерлер даярдалууда

Чет өлкөлүк агенттиктер менен иштөө боюнча (айрыкча Индия, Борбор Азия өлкөлөрү) кышкы тур боюнча өзүнчө презентациялык материалдар жөнөтүлөт.

Төмөнкүдөй токтом долбоору бекитүүгө сунушталды:

а) 2025-2026 окуу жылы үчүн кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы Н.А.Садырованын 2025-2026 окуу жылы үчүн жайкы кабыл алуунун жыйынтыгы жана кышкы кабыл алууга карата даярдыктар жөнүндөгү маалыматы эске алынсын.

б) Кышкы кабыл алууга карата иш аракеттер күчөтүлсүн.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен токтом долбоору бир добуштан кабыл алынды.

3.2 маселе боюнча Илим, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректор З.А.Асилова сөз сүйлөдү: “Урматтуу кесиптештер окумуштуу Канетова Динара Эменовна тарабынан сунушталган «Мейкиндиктердеги жана группалардагы бир калыптуу структуралар» аталышындагы монография келип түшкөн, каралды жана илимий деңгээли жогору, мазмуну актуалдуу жана теориялык жактан баалуу эмгек экенин белгилейм. Монография илимий кызматкерлерге, окутуучуларга, магистранттарга жана докторанттарга пайдалуу болот. Аталган эмгекти Окумуштуулар кеңешинин чечими менен басмага сунуштайм.

Сөзгө чыккандар:

Окуу –маалымыт бөлүмүнүн башчысы Канетова Д.Э.: - Саламатсыздарбы урматтуу кесиптештер, бул монография менин кандидаттык диссертациямын жыйынтыктарынын негизинде жазылган. Рецензенттер ф.-м.и.д., профессор Г.Матиева, ф.м.и.д. Ч.Абдуллаева оң пикирлерин беришкен. Басмага сунуштап берүүнүздөрдү суранам.

Ректор М.Р.Нарбаев: Албетте бул чон эмгек, университеттин аффиляциясы менен чыгып жаткан биринчи илимий монография, колдойбуз. Авторлорго илимий иштеринде ийгиликтердди каалайбыз.

Токтом кылды:

Окумуштуулар Бөрүбаев А.А., Канетов Б.Э., Канетова Д.Э. тарабынан даярдалган «Мейкиндиктердеги жана группалардагы бир калыптуу структуралар» аталышындагы монография Окумуштуулар кеңешинин чечими менен басмага сунушталсын.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен токтом долбоору бир добуштан кабыл алынды.

Окумуштуулар кеңешинин кезектеги жыйынынын жыйынтыгында, айтылган сунуштарды жана толуктоолорду эске алуу менен, Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү бир добуштан төмөнкүдөй чечим кабыл алышты:

Чечим:

1. Илим мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректор Зульфия Атамырзаевна Асилованын маалыматы эске алынсын жана алдыда пландалган иштер өз убагында аткарылсын.
2. а) 2025-2026 окуу жылы үчүн кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы Н.А.Садырованын 2025-2026 окуу жылы үчүн жайкы кабыл алуунун жыйынтыгы жана кышкы кабыл алууга карата даярдыктар жөнүндөгү маалыматы эске алынсын.

   б) Кышкы кабыл алууга карата иш аракеттер күчөтүлсүн.

3. Ар түрдүү маселелер:

3.1. а) Окумуштуулар кеңешинин курамынан м.и.к., Жээналиева Г.М чыгарылсын;

б) Университеттин Президенти э.и.д., профессор Жаныбай Токоевич Арынбаев окумуштуулар кеңешинин курамына кошулсун.

3.2 Окумуштуулар Бөрүбаев А.А., Канетов Б.Э., Канетова Д.Э. тарабынан даярдалган «Мейкиндиктердеги жана группалардагы бир калыптуу структуралар» аталышындагы монография басмага сунушталсын.

Көчүрмөсү анык

ЖАЭУнун Окумуштуулар кеңешинин окумуштуу катчысы, т.и.к., доцент: Асилова З.А.